# АЛ КЕЗЕКТЕ

Ал кезекте бардыгы башкача эле,
Сезимдер баёо эле, таптаза эле.
Көзүңдүн кыйыгынан карап койсоң,
Жүзүмдү кызыл жалын каптачу эле.

Жылытып жылуу сөзүң жүрөгүмдү,
Акырын дене-бойго тарачу эле.
От жанган, жадыраган көз карашың,
Башкача мээрим менен карачу эле.

Андагы колдоруңдун жылуулугу,
Мөлтүрөп карегиңдин сулуулугу.
От жагып жүрөгүмө турган экен,
Туюнтуп сүйүүбүздүн улуулугун.

Жадырап ак сүйүүсүн арнап турган,
Жалындуу кучагына арбап турган.
Жаштыктын жалындаган ал мезгили,
Айланган гүл бакчага гүлдөп турган.

15.01.2022

С. Мамытова